КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ



# ТЕЛЕДЕБАТТАРДЫ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ЭСКЕРТМЕ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Международный фонд избирательных систем IFES

Бишкек - 2021

**Телекөрсөтүү жана радио боюнча шайлоо үгүтүн жүргүзүү**

Шайлоо учурунда үгүт анын ичинде үгүттөөчү коомдук иш-чараларды, ошондой эле теледебаттарды өткөрүү жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар аларга ушул конституциялык мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнө туш келген шайлоо өткөрүлүүчү аймактагы телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз обо убактысын берүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн эфир убактысы телерадио берүүлөр эң көп аудиторияны чогулткан мезгилге – саат 20дан 24кө чейин туура келиши керек.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму тарабынан бөлүнгөн акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем эмес болууга тийиш.

Көрсөтүлгөн бекер эфир убактысы катталган талапкерлерге жана программага катышкандарга, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга бирдей негизде бөлүштүрүлөт.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлер үчүн акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмү областтык телерадио уюмдарынын каналдарында жумуш күндөрү отуз мүнөттөн кем эмес болууга тийиш.

Бөлүнгөн бекер эфир убактысынын жалпы көлөмүнүн кеминде жарымы талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга биргелешкен дебаттарды жана башка ушул сыяктуу үгүт иш-чараларын өткөрүү үчүн гана бөлүнөт. Бардык талапкерлерге жана саясий партияларга бекер эфирдик убакыттын бул үлүшүн бирдей негизде пайдаланууга уруксат берилиши керек.

Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында уктуруучу телерадио уюмдарынын каналдарында өткөрүлүүчү биргелешкен үгүт иш-чараларына (дебаттарда жана башка ушул сыяктуу иш-чараларда) катталган талапкерлер, анын ичинде саясий партиялардын катталган тизмесиндеги талапкерлер жеке өздөрү гана катышууга тийиш.

Катталган талапкердин, саясий партиянын өкүлдөрүнө жана колдоо топторуна мындай иш-чараларга катышууга жол берилбейт.

Биргелешкен үгүт иш-чарасына катышуудан баш тарткан же келбеген учурда башка убакта эфир убактысы берилбейт.

Ушул конституциялык мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнө туура келген телерадио уюмдары шайлоонун деңгээлине карата

талапкерлердин, саясий партиялардын үгүт жүргүзүүсү үчүн акы төлөнүүчү эфир убактысын резервге коюуга милдеттүү. Көрсөтүлгөн эфир убактысы келишимдин шарттары боюнча тиешелүү талапкерге, саясий партияга алардын талабы боюнча акы төлөнүп берилүүгө тийиш. Резервге коюлган акы төлөнүүчү эфир убактысынын жалпы көлөмү акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмүнөн кем болбошу керек жана төлөмдүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш. Ошол эле учурда ар бир талапкер, саясий партия сакталып калган эфир убактысынын жалпы көлөмүнөн ушул көлөмдү талапкерлердин, саясий партиялардын жалпы санына бөлүүдөн алынган үлүштүн чегинде убакыт алууга укуктуу.

Талапкерлерге, саясый партияларга берилген акы төлөнүүчү эфир убактысынын баасы шайлоо күнүнө чейин 6 ай мурда алынган баадан ашпоого тийиш.

Талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн сөздөрүн үзгүлтүккө учуратууга, ошондой эле аларды кандайдыр бир сын-пикирлер менен коштоого тыюу салынат.

Ушул конституциялык мыйзамдын 22-беренесинин 19-бөлүгүнө туура келген телерадио уюмдарынын каналдарында талапкерлерге, саясий партияларга эфир убактысын берүүнүн тартибин жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жолго салынат.

Талапкерлерге, саясий партияларга эфир убактысын берген менчигинин түрүнө карабастан телерадио уюмдар башка талапкерлерге, саясий партияларга ошол эле шарттарда (ошол эле тарифте, эфир убактысында, убакыттын көлөмүндө жана башка шарттарда) эфир убактысын берүүгө милдеттүү.

Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү үчүн арналган радио жана телекөрсөтүү уктурууларынын тартиби, көлөмү жана убактысы телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана талапкерлер менен саясий партиялардын ортосундагы тең укуктуулук принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы чүчү кулак кармоо күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга чүчү кулак кармоонун датасы, убактысы жана орду жөнүндө маалымдайт жана алардын бекер эфир убактысын жана басма аянтын алуу үчүн чүчү кулакка катышуу арыздарын каттайт.

Чүчү кулакты өткөрүү, анын жыйынтыгында катталган талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт материалдарын,

мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында биргелешкен үгүт иш-чараларын акысыз эфирге чыгаруунун датасы жана убактысы тиешелүү телеканал жана радио уюмдардын катышуусу менен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат. Чүчү кулак кармоо талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күндөн кечиктирбестен, ал эми кайталап добуш берүү учурунда - кайталап добуш берүү дайындалган күндөн тартып бир күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт.

Чүчү кулактын жыйынтыгы протоколго жазылат. Чүчү кулактын жыйынтыгында аныкталган эфир убактысын бөлүштүрүүнүн графиги шайлоо комиссиясынын чечими менен бекитилет жана тиешелүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басылмаларга жарыяланат.

Дебаттарды уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

Катталган талапкерлерди, катталган талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларды, эфирдик убакытты, басма аянтын берген телерадио уюмдары жана мезгилдүү басылмалардын редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) формаларга ылайык алардын көлөмүн жана наркын мындай жазууларды жүргүзүүнүн тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн өзүнчө эсепке алууга милдеттүү. Бул каттоонун маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде ар 10 күн сайын жана добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга жарандар менен жолугушууларды жана эл алдына чыгып сүйлөөнү, коомдук талкууларды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууда көмөк көрсөтүүгө, массалык иш-чараларды өткөрүүдө коопсуздукту камсыз кылууга милдеттүү.

***2021-жылдын 28-ноябрында өтүүчү парламенттик шайлоодо дебаттарды уюштуруу***

Теледебаттардын негизги максаты – шайлоочуларга шайлоого катышуучу партиялар, алардын талапкерлери, пландары жана программалары тууралуу мүмкүн болушунча толук маалымат берүү. Бул үчүн дебаттардын уюштуруучулары катышуучуларга темалардын жана суроолордун максималдуу саны боюнча өз оюн билдирүү мүмкүнчүлүгүн бериши зарыл.

Теледебаттар **ТҮЗ ЭФИРде** болот. Ар бир партия үчүн теледебаттардын датасы БШК тарабынан чүчү кулак аркылуу аныкталат.

Тараптар эфирге **ҮЧ** күн калгандан кечиктирбестен дебаттарга катышуудан баш тартууга укуктуу. Партиянын өкүлдөрүнө теледебаттарга катышуу жөнүндө өз убагында билдирбесе, уюштуруучулар партиялардын эфиринде тиешелүү белгилери бар бош отургучтарды көрсөтүү менен катышуудан баш тартууга, ошондой эле партиянын туура эмес жүрүм-турому жана шайлоочуларды сыйлабаганы жөнүндө көрүүчүлөргө маалымдоо укугун өзүнө калтырат.

Бир эле учурда студияда катышуучулардын максималдуу саны 3 - 5 адам.

## БИР МАНДАТТУУ ОКРУГДАР БОЮНЧА ТАЛАПКЕРЛЕР ҮЧҮН ТЕЛЕ ДЕБАТ ФОРМАТЫ

**Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча ат салышып жаткан талапкерлерге жети аймактык медиа борборлордун телеканалдарынан дебат жана жеке сөз сүйлөөгө бекер эфирдик убакыт берилет.**

**Ар бир талапкерге сөз сүйлөөгө 15 мүнөт убакыт берилет**

**Саламдашууга – 2 мүнөт**

Ар бир талапкерге кириш сөз айтуу укугу берилет. Талапкер аны шайлоочулар менен таанышуу же өзүн көрсөтүү үчүн колдоно алат.

**1 раунд**

**Модератордон суроо - 5 минут**

Бул раундду дебаттын модератору талапкерлерге суроолорду берет. Бардык талапкерлер модератордун ар бир суроосуна жооп беришет. Суроолор актуалдуу жергиликтүү жана улуттук масштабдагы темаларга тиешелүү.

**2 раунд**

**Талапкерлердин суроолору - 7 минут**

Бул раундда талапкерлерге атаандаштарына суроо берүү, ошондой эле алардын билдирүүлөрү жана позициялары боюнча комментарий берүү мүмкүнчүлүгү берилет.

**Корутунду сөз – 1 мүнөт**

Ар бир талапкер жыйынтыктоочу сөз сүйлөөгө укуктуу. Талапкер аны өз позициясын жалпылоо жана шайлоочуларга кайрылуу үчүн колдоно алат.

**БИР МАНДАТТУУ ОКРУГДАР ҮЧҮН ТЕЛЕДЕБАТТАРДЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ**

1. Дебаттын бардык катышуучуларынын абалы бирдей
2. Модератор дебаттын эрежелери боюнча акыркы корутунду чыгарат (акыркы инстанция болуп саналат) жана дебат учурунда тартипти сактоого жооп берет.
3. Эреже бузган дебатчыларга модератор экиге чейин эскертүү берет. Модератор эрежени сактабаган дебат катышуучуларын четтете алат.

4. Дебаттын модератору эреже бузган катышуучунун микрофонун өчүрүүгө укуктуу.

5. Дебат учурунда техникалык мүчүлүштүктөр же тоскоолдуктар/үзгүлтүктөр болсо, модератор дебаттын катышуучуларына дебатты кантип улантуу керектиги боюнча көрсөтмөлөрдү берет.

6. Катышуучуларга бири-биринин сөзүн бөлүп, бирөөнүн убактысын пайдаланууга жол берилбейт.

7. Дебаттар белгиленген убакыттан тышкары сүйлөөгө болбойт.

8. Катышуучулар чыгып сүйлөө үчүн берилген убакытты дебаттын бекитилген форматына ылайык пайдаланууга милдеттүү. Убакытты пайдалануудан баш тарткан учурда берилген мөөнөт күйүп кетет жана компенсация төлөнбөйт.

9. Дебаттын катышуучуларына жана алардын коштоочуларына дебат башталганга чейин бир саатка чейин имарат менен таанышуу учурунда дебат өтүүчү жерди карап чыгууга уруксат берилет.

10. Имараттарды кыдыруу учурунда ар бир дебатчы теле аудиторияга кайрылгысы келсе, кайсы камерага кайрылышы керектиги тууралуу маалымат берилет.

11. Дебаттын ар бир катышуучусу башка катышуучуларга, дебаттын уюштуруучуларына жана алардын кызматкерлерине урмат-сый менен мамиле кылууга тийиш.

12. Тийиштүү фразеологизмдерди/тилди колдонуу милдеттүү. Жек көрүү, кемсинтүү, уят сөздөрдү билдирүүгө жол берилбейт.

13. Дебаттар теледен көрсөтүлөт жана телерадиокомпания аларды мыйзамда белгиленген тартипте кайра чыгарууга же өзүнүн веб-сайтына жарыялоого укуктуу.

14. Дебат корутунду сөз үчүн бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин аяктайт.

Талапкерлер жана алардын өкүлдөрү уктуруу башталганга чейин **40 мүнөттөн кем эмес убакыт эрте** студияда болушу керек.

**Аудитория**

Студияда аудиториянын болушу **каралган эмес**.

КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин социалдык аралыкты сактоо боюнча сунушуна ылайык, телестудияга кире бериште теледебаттын ар бир катышуучусуна бир жолу колдонулуучу медициналык беткаптар берилип, температурасы өлчөнөт, колдору спирттүү тазалагычтар менен тазаланат.

## БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУНДАГЫ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР ҮЧҮН ТЕЛЕДЕБАТ ФОРМАТЫ

**ЭлТР** телеканалы парламенттик шайлоого аттанган саясий партиялардын жаш талапкерлеринин дебаттарын, ошондой эле саясий партиялардан талапкер аялдардын дебаттарын көрсөтөт.

**КТРК** телеканалында саясий партиялардын лидерлеринин дебаттары болот.